

# ПРЕСС-АНОНС

## КИЧИ ГРАНТТАР ПРОГРАММАСЫНА КАТЫШУУГА ЧАКЫРУУ

Бишкек, 2017-жылдын 22-декабры

Европа Биримдигинин «Кыргызстандагы Коомдук Кеңештерине жарандык коомдун катышуусун күчөтүү” долбоору **кичи гранттар программасынын башталышы жөнүндо жарыялайт**. Катышууга жарандык коомдун уюмдары мамлекеттик органдардын коомдук кеңештери менен бирдикте жана/же жергиликтүү коомдук кеңештердеги демилгелүү топтор менен медиа уюмдар же журналисттер менен биргелешкен долбоорлорду түзүү үчүн чакырылат.

Бул чакырыктын **негизги максаты** борбордук, ошондой эле жергиликтүү деңгээлдеги Коомдук Кеңештердин демилгелерине колдоо көрсөтүүгө, коомдук ролун алгылыктуу түшүнүүгө жетишүүгө шарт түзгөн синергиялык аракеттерди кепилдөө, ошондой эле жарандардын жоопкерчилик маданияттарын жана Коомдук Кеңештер менен өз ара аракеттенүүгө тартылуусун илгерилетүү болуп саналат.

Бир долбоорду жалпы каржылоо суммасы 10.000 Евродон (800.000 сом) ашык болбошу керек.

Долбоорлор төмөндөгүдөй жол аркылуу берилиши мүмкүн: Долбоордук кеңсеге почта аркылуу/жеке жеткирип берүү: Турусбеков көч., 6/2, 720033 Бишкек, Кыргыз Республикасы, Тел/Факс: +996 (312) 455657, +996 (551) 175218, кабыл алуу сааты: Дүйшөмбү-жума 9:00 – 17:30 (түшкү тыныгуу 12:00 – 13:00) же төмөндөгү электрондук почта аркылуу: minigrants@gsi-projects.eu

Долбоорлорду кабыл алуунун аяктоо мөөнөтү: **29.01.2018 Бишкек убактысы боюнча саат 17.00**-гө чейин**.** Ишмердиктин башынан пландалган узактыгы 3-4 айды түзөт, жана долбоорду ишке ашыруу мезгилинин башталышы 01.03.2018-ж.

**Гранттык өтүнмөнүн формасын, колдонмону жана башка маалыматтарды долбоордун сайтынан жүктөп алсаңыз болот: www.gsi-projects.eu/public-councils**

Кененирээк малымат алуу үчүн, сураныч, кичи гранттык программасынын менеджери Бегайым Шаршееванын электрондук дарегине begayim.sharsheeva@gsi-projects.eu же +996 (551) 175 218 телефону аркылуу кайрылыңыздар.

*Өнөктөш уюмдар жөнүндө:*
***Густав Штреземанн Институту (GSI)*** *1951-жылы улуттар аралык билим берүү жана европалык кызматташтык боюнча көз карандысыз институт катары негизделген. Институтта жыл сайын 2000ден ашык семинар, тренинг, конференциялар өткөрүлүп, аларга бүткүл дүйнөдөн келген 100 000 өкүл катышат.*
***Адам Укуктары боюнча Кеңеш (АУК)2005-жылы*** *Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы жана Жогорку соту жана Даниянын адам укуктары боюнча институту тарабынан Укуктун үстөмдүгүн жана калктын арасында адам укуктары жөнүндө маалыматтарды жайылтуу менен мамлекет менен жарандык коомдун ортосунда конструктивдүү диалогдун платформасын түзүү максатында негизделген.*

Долбоорду ишке ашыргандар:

Густав Штреземанн атындагы институт жана

Адам укуктары боюнча кеңеш

Кыргыз Республикасы
Бишкек шаары. 720033
Turusbekov k. 6/2
Тел/факс: +(996 312) 455657
projects@gsi-projects.eu
www.gsi-projects.eu/public-councils

Долбоорду
Европа Бирлиги каржылайт

Европа Бирлигинин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү
Эркиндик бульвары, 21, "Орион" бизнес борбору, 5-кабат,
Бишкек, 720040, Кыргыз Республикасы
Телефон: +996 312 26 10 00
факс: +996 312 26 10 07
Email: delegation-kyrgyzstan@eeas.europa.eu
Website:http://eeas.europa.eu/delegations/kyrgyzstan
Facebook: http://www.facebook.com/eudelkg

Европа Бирлигине өздөрүнүн калкынын алдыңкы жетишкендиктерин, реурстарын жана тагдырларын бириктирген 28 мүчө-мамлекет кирет. 60 жылдын ичинде алардын биргелешкен күч-аракеттери менен стабилдүү, демократиялуу жана туруктуу өнүккөн зонаны түзүп, ошол эле учурда маданий ар түрдүүлүктү, жеке эркиндикти жана сабырдуулук атмосферасын сактап калууга жетишти. Европа бирлиги өздөрүнүн жетишкендиктерине жана баалуулуктарына Бирликтин чектеринен тышкары жайгашкан өлкөлөр менен элдерди тартууга жана берүүгө умтулуп келет.